**Бишкек шаарындагы №87 жалпы орто билим берүү мектебинин**
**№4 педагогикалык кеңештин протоколунун көчүрмөсү**

*Бишкек шаары*

*2021-жыл 30-март*

**Торайымы:** Исанова Ж.М.
**Катчы:** Сүйналиева М.М..
**Катышкандардын саны:** 84

**Күн тартиби:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана илим министрлигинин “Билим берүү отличнигинин төш белгиси” менен мугалимдерди сыйлоо

***Чогулуштун жүрүшү:***
Мектеп директору Исанова Ж.М. чогулуштун катышуучуларын күн тартиби менен тааныштырып, Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана илим министрлигинин “Билим берүү отличнигинин төш белгиси”татыктуу кесиптештерибиз бар болсо, талапкерлерди сунуштоону өтүндү. Ага улай мектептин методикалык иштери боюнча директордун орун басары Сүйналиева М.М. сөз сүйлөп, информатика мугалими Шайдуллаева Гүлмира Өсөровнанын талапкерлигин көрсөттү. Себеби, Гүлмира Өсөровна ушул мектепте 2006- жылдан бери иштеп келе жатат. Анын жаш муундарды тарбиялоого кошкон салымы өзгөчө. Шайдуллаева Гүлмира Өсөровна билимин жогорулатуунун үстүндө дайыма изденет жана окуучулардын чыгармачылыгын өстүрүүгө зор салым кошуп келет. Жамаат ичинде кадыр-баркка ээ. Гүлмира Өсөровна Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана илим министрлигинин “Ардак грамотасы” менен сыйлоого толук татыктуу.

Сүйналиева М.Мнын сөзүн мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими Турунтаева К. А. улап, жогоруда аталган талапкерди толугу менен колдоорун билдирип, жалпы жамааттан Шайдуллаева Гүлмира Өсөровнанын талапкерлигин колдоп берүүсүн өтүндү.

Бул сунушту мектептин жамааты толугу менен колдоп беришти.

## Токтом кылынды:

1. Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана илим министрлигинин “Билим берүү отличнигинин төш белгиси” талапкер катары Шайдуллаева Гүлмира Өсөровна сунушталсын.

Мектеп директору: ________ Исанова Ж.М.
Катчы: ________ Сүйналиева М.М.